**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАМЛЕКЕТТИК
КАДР КЫЗМАТЫ**

**ГОСУДАРСТВЕННАЯ
КАДРОВАЯ СЛУЖБА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК / ПРИКАЗ

№ 4

«15» января 2019-ж. г.

## Мамлекеттик жарандык кызматчылардын жана муниципалдык кызматчылардын ишин баалоо жыйынтыгынын отчеттук формасын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо тартиби жөнүндө жобонун 15-пунктунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 30-сентябрындагы № 198 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы жөнүндө жобого ылайык, **буйрук кылам:**

1. Мамлекеттик жарандык кызматчылардын жана муниципалдык кызматчылардын ишин баалоо жыйынтыгынын отчеттук формасы тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Мамлекеттик кызмат бөлүмү бул буйрукту Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын аймактык өкүлчүлүктөрүнө жеткирсин.
3. Финансылык жана административдик камсыздоо бөлүмү бул буйрукту Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын расмий сайтында жайгаштырсын.
4. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо директордун орун басары К.К. Алышбаевге жүктөлсүн.

**Директор** **А.К. Мадумаров**